**100105 – «Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу» адистиги үчүн**

**«Кыргызстан тарыхы» дисциплинасы боюнча баалоо каражаттарынын фондусу (ФОС)**

| Контролдук модулдук суроолор | Доклад темалары | Тестирлөө | СӨИ темалары |
|---|---|---|---|
| 1. Тарых илиминин предмети, функциялары жана изилдөө методдору.<br>2. Таш жана коло доорундагы Кыргызстандын аймагындагы алгачкы жамааттык коом.<br>3. Сак урууларынын чарбасы, коому жана маданияты.<br>4. Усун, Давань жана Кангы мамлекеттеринин түзүлүшү.<br>5. Хунну империясынын Орто Азиядагы үстөмдүгү.<br>6. Түрк каганаттарынын түзүлүшү жана Түрк доорундагы маданият.<br>7. Карлук мамлекетинин түзүлүшү жана саясий абалы.<br>8. Эне-Сай кыргыздарынын мамлекети жана алардын чарбасы.<br>9. «Улуу Кыргыз дөөлөтү» доору жана анын тарыхый мааниси.<br>10. Караханиддер мамлекети: ислам дининин кабыл алынышы жана маданияты. | 1. «Манас» эпосу – кыргыз тарыхынын энциклопедиясы.<br>2. Саймалуу-Таш – байыркы кыргыздардын дүйнө таанымы.<br>3. Барсбек каган – кыргыздардын залкар мамлекеттик ишмери.<br>4. Кыргыз каганатынын жазуу маданияты (руникалык жазуулар).<br>5. Улуу Жибек жолунун туризмди өнүктүрүүдөгү ролу.<br>6. Орто кылымдардагы Кыргызстандын архитектуралык эстеликтери.<br>7. Мухаммед Кыргыз жана кыргыз урууларынын биригиши.<br>8. Курманжан Датка – «Алай ханышасы» жана дипломат.<br>9. Посолдук байланыштар: Атаке бийдин Россияга элчилиги.<br>10. Кокон хандыгына каршы элдик кыймылдар.<br>11. 1916-жылдагы көтөрүлүш жана анын тарыхый сабактары.<br>12. Жусуп Абдрахманов – кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн негиздөөчүсү. | 1. Тарых илиминин функцияларын аныктоо.<br>2. Таш доорунун этаптарын хронологиялык иретте коюу.<br>3. «Түрк» этнониминин биринчи жолу эскерилиши (552-ж.).<br>4. Улуу Кыргыз дөөлөтүнүн өкүм сүргөн кылымдары.<br>5. Караханиддердин тушунда ислам дининин мамлекеттик деңгээлде кабыл алынышы.<br>6. Жибек жолунун негизги трассаларын белгилөө.<br>7. Хайду мамлекетинин түзүлгөн жылы.<br>8. «Диван лугат ат-түрк» эмгегинин автору.<br>9. Этногенез түшүнүгүнүн мааниси.<br>10. Кыргыздардын Россияга биринчи элчилиги (1785-ж.).<br>11. Кокон хандыгынын жоюлган жылы.<br>12. 1916-жылдагы көтөрүлүштүн негизги очоктору. | 1. Тарыхый булактар менен иштөө: архивдик материалдарды талдоо.<br>2. Кыргызстандын байыркы карталарын түзүү жана талдоо.<br>3. Орхон-Энесай жазууларынын котормолорун талдоо.<br>4. Улуу Жибек жолунун туристтик маршрутун иштеп чыгуу.<br>5. «Манас» эпосундагы тарыхый реалдуулуктарды конспектилөө.<br>6. Көчмөн маданиятынын өзгөчөлүктөрү жөнүндө реферат жазуу.<br>7. XIX кылымдагы кыргыз бийлеринин саясий портреттерин түзүү.<br>8. 1916-жылкы көтөрүлүш боюнча архивдик документтердин негизинде анализ жасоо.<br>9. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн башатындагы инсандардын (Сыдыков, Абдрахманов) өмүр баянын изилдөө.<br>10. Коллективдештирүү жана индустриялаштыруунун Кыргызстандагы жыйынтыктарын талдоо. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 11. Жусуп Баласагын жана Махмуд Кашгаринин илимий мурастары.<br>12. Улуу Жибек жолунун башаты жана негизги трассалары.<br>13. Чыңгыз хандын империясынын түзүлүшү жана монголдор доору.<br>14. Хайду мамлекети жана анын реформалары.<br>15. Моголистан мамлекети жана Тимурдун басып алуулары.<br>16. Кыргыз элинин калыптанышы (этногенези).<br>17. Мухаммед Кыргыз жана XVI кылымдагы кыргыздардын саясий абалы.<br>18. Жунгар хандыгы жана кыргыздардын жунгарларга каршы күрөшү.<br>19. Кыргыздардын Россияга биринчи элчиликтери (XVIII-XIX к.).<br>20. Кокон хандыгынын түзүлүшү жана кыргыздардын хандыктын курамындагы орду.<br>21. Түндүк жана Түштүк Кыргызстандын Россияга бириктирилиши.<br>22. Падышачылыктын колониялык саясаты жана Анжиян көтөрүлүшү. | 13. 1930-жылдардагы репрессия курмандыктары – «Ата-Бейит».<br>14. Кыргызстандыктар – Советтер Союзунун Баатырлары.<br>15. Панфиловчулардын Москва үчүн салгылаштагы эрдиги.<br>16. Исхак Раззаков – өрнөктүү жетекчи жана инсан.<br>17. Чыңгыз Айтматов – кыргыз маданиятынын дүйнөлүк деңгээлдеги жүзү.<br>18. Кыргызстандын эгемендүүлүгүнүн жарыяланышы: тарыхый шарттар.<br>19. Кыргыз Республикасынын Конституциясы: кабыл алынышы жана өзгөртүүлөр.<br>20. Мамлекеттик символдордун тарыхы жана мааниси.<br>21. Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары – маданий мурастарды даңазалоо.<br>22. Нарын шаарынын жана облусунун тарыхы.<br>23. Нарын мамлекеттик университетинин түзүлүү тарыхы.<br>24. Кыргызстанда билим берүү жана илимдин өнүгүү тарыхы.<br>25. 2005- жана 2010-жылдардагы элдик революциялардын себептери. | 13. Кара-Кыргыз автоном облусунун түзүлгөн күнү.<br>14. Кыргыз ССРинин түзүлгөн жылы.<br>15. «Отузчулардын каты» жана анын мааниси.<br>16. Улуу Ата Мекендик согуштун башталган жана аяктаган жылдары.<br>17. Тылдагы эмгекчилердин согушка кошкон салымы.<br>18. И. Раззаковдун КССР Министрлер Советинин төрагасы болуп дайындалышы.<br>19. Кыргызстандын көз карандысыздык декларациясынын кабыл алынышы.<br>20. Кыргызстандын БУУга мүчө болуп кирген жылы.<br>21. Улуттук валюта – сомдун жүгүртүүгө киргизилиши.<br>22. «Манас» эпосунун 1000 жылдыгынын белгилениши (1995-ж.).<br>23. Баткен окуяларынын болгон жылы (1999-ж.).<br>24. Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын биринчи жолу өткөрүлүшү.<br>25. Мамлекеттик герб жана желектин авторлору.<br>26. Конкреттүү тарыхый инсандарды (Барсбек, | 11. «Ата-Бейит» мемориалдык комплексине виртуалдык экскурсия даярдоо.<br>12. Согуш жылдарындагы кыргызстандыктардын каттарын изилдөө.<br>13. Тылдагы эмгектин баатырлары жөнүндө маалымат жыйноо.<br>14. И. Раззаковдун реформаларынын социалдык мааниси.<br>15. Эгемендүүлүк жылдарындагы Кыргызстандын экономикалык өнүгүү динамикасы.<br>16. Мамлекеттик символдордун элементтеринин маанисин чечмелөө.<br>17. Эл аралык уюмдардагы Кыргызстандын ролу боюнча аналитикалык отчет.<br>18. Баткен окуяларынын тарыхый сабактарын конспектилөө.<br>19. ЮНЕСКОнун тизмесине кирген Кыргызстандын эстеликтерин изилдөө.<br>20. Нарын шаарынын топонимикасын жана тарыхын изилдөө.<br>21. Көчмөндөр оюндарынын маданий-экономикалык таасирин баалоо.<br>22. Кыргызстандын конституцияларына салыштырма талдоо жүргүзүү. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 23. 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүш: себептери жана мааниси.<br>24. Кыргызстанда Совет бийлигинин орношу жана жарандык согуш.<br>25. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түзүлүшү: КАО, КАССР, КССР.<br>26. 1930-жылдардагы саясий репрессиялар жана Ата-Бейит трагедиясы.<br>27. Кыргызстандыктардын Улуу Ата Мекендик согуштагы эрдиктери.<br>28. Согуштан кийинки жылдардагы эл чарбасын калыбына келтирүү (И. Раззаков)<br>29. Эгемендүү Кыргыз Республикасынын жарыяланышы жана мамлекеттик символдор.<br>30. Азыркы Кыргызстандагы стратегиялык багыттар жана демократиялык өзгөрүүлөр | 26. Улуттук нарк-дөөлөттөр жана заманбап коом.<br>27. Туризм – Кыргызстандын экономикасынын стратегиялык багыты.<br>28. Кыргызстандын эл аралык уюмдар (БУУ, ШОС) менен кызматташтыгы.<br>29. Саясий партиялардын Кыргызстандагы калыптануу тарыхы.<br>30. Кыргыз элинин материалдык жана рухий маданияты (XIII-XIX к.) | Курманжан Датка, А. Орозбеков) алардын ишмердүүлүгү менен дал келтирүү.<br>27. Кошой-Коргон комплексинин тарыхый мааниси.<br>28. Кыргызстандын конституциялык реформаларынын хронологиясы.<br>29. Санариптик технологиялардын тарыхты изилдөөдөгү ролу.<br>30. Улуттук нарктуулук программасынын негизги багыттары | 23. Саясий репрессия курмандыктарынын тизмесин жана тагдырын изилдөө.<br>24. Азыркы мезгилдеги билим берүү реформаларынын маңызы.<br>25. Кыргызстандын тышкы саясатындагы көп векторлуулук принциби.<br>26. Улуттук нарк жана адеп-ахлак маселелери боюнча презентация.<br>27. Мейманкана бизнесинин Кыргызстандагы калыптануу тарыхы.<br>28. Тарыхый материалдарды анализдеп, жыйынтык чыгаруу көндүмдөрүн өнүктүрүү.<br>29. Терминдердин жана тарыхый түшүнүктөрдүн сөздүгүн түзүү.<br>30. Семестр ичинде өтүлгөн материалдар боюнча хронологиялык таблица түзүү |

«**Кыргызстан тарыхы» дисциплинасы боюнча баалоо структурасы:**

**1. Баллдык-рейтингдик система.**

Окуу планына ылайык, дисциплина 2-3-семестрлерде окутулат жана анын жыйынтыктоочу контролу катары зачет жана экзамен каралган. Студенттин билимин баалоо семестр ичиндеги окуу иштеринин негизинде жүргүзүлөт:

- Модулдук текшерүүлөр: Программада «Жыйынтыктоо иши №1» жана «Жыйынтыктоо иши №2» (модулдар) каралган.
- Студенттин өздүк иши (СӨИ/СРС): Өз алдынча изилдөөлөр жана тапшырмалар баалоонун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

Кирүү талабы: Эгерде студент модуль же зачетко чейин берилген тапшырмаларды толук аткарбаса, ал модулдук ишке же зачетко киргизилбейт.

**2. Баалоо шкаласы жана критерийлери**

Студенттердин жетишкендиктери алардын тарыхый процесстерди канчалык деңгээлде өздөштүргөндүгүнө карата төмөнкү критерийлер боюнча бааланат:

- Билим берүү деңгээли: Тарыхый окуяларды талдай билүү, салыштыруу, жыйынтык чыгаруу жана тарыхый кубулуштардын маңызын, маанисин түшүнүү.
- Инсандардын ролу: Тарыхый инсандарды, алардын эл алдында сиңирген эмгегин жана тарыхка тийгизген таасирин теориялык негизде түшүндүрө алуу.
- Булактар менен иштөө: Тарыхнаамадан жана булактардан окуп үйрөнүүдөгү принциптерди билүү, тарыхый фактыларды анализдөө жана синтез жүргүзүү жөндөмдүүлүгү.
- Эпос жана маданият: «Манас» эпосунун кыргыз тарыхынын энциклопедиясы катары ордун жана маанисин түшүнүү.

**3. Баалоонун формалары жана усулдары**

Дисциплина боюнча жетишкендиктерди текшерүү үчүн төмөнкү формалар жана ыкмалар колдонулат:

- Оозеки жана жазуу түрүндөгү сурамжылоолор: «Суроо-жооп» усулу сабактарда кеңири колдонулат.
- Презентациялоо: Студенттердин темалар боюнча даярдаган презентацияларын коргоосу.
- Аналитикалык иштер: Тарыхый материалдарды анализдөө, салыштырмалуу анализ жүргүзүү жана тарыхый мезгилдерди айтып берүү.
- Конспект жана терминология: Темалар боюнча конспект толтуруу жана тарыхый терминдерди жаттоо.

- Көрсөтмө куралдар: Видеофильмдерди көрүү, карталар менен иштөө жана сүрөттөр аркылуу окуяларды сүрөттөө.

Бул баалоо структурасы студенттердин тарыхый билимдерин гана эмес, алардын аналитикалык жана командада иштөө компетенцияларын (ЖК 4, ЖК 6, ЖК 10) өнүктүрүүгө багытталган